| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>АК-СУУ РАЙОНУ<br><br>ХАН-ТЕНИРИ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АК-СУЙСКИЙ РАЙОН<br><br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА<br>ХАН-ТЕНИРИ |
|---|---|---|

Хан-Тенири айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин 1-чакырылышынын кезектеги 13- сессиясы

# Т О К Т О М

17.11.2025 № 79 Ново-Вознесеновка айылы

## Жыргалаң айылындагы "Айданек нуру" бала бакчасынын кызматкерлерин кабыл алуу жана каржылоо жөнүндө

Жыргалаң айылындагы "Айданек нуру" бала бакчасы жаңыдан ачылып жаткандыгына байланыштуу бала бакчанын штаттык бирдиктерин түзүү жана аларды кабыл алуу, каржылоо маселелерин чечүү максатында айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановдун кайрылуусун угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү оз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү" Мыйзамдын 27-беренесинин негизинде Хан-Теңири жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Жыргалан айылындагы "Айданек нуру" бала бакчасы жаңыдан ачылып жаткандыгына байланыштуу штаттык бирдиктерин түзүү жана кызматкерлерди кабыл алуу бала бакчанын башчысы Джантаева Нуризат Каныбековнага милдеттендирилсин.
2. "Айданек нуру" бала бакчасынын кызматкерлерине тиешелүү эмгек акыларын, жергиликтүү бюджет дотацияда отургандыгына байланыштуу, максаттуу (целевой) трансферттен төлөп берүү жагы айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго тапшырылсын.
3. Бул токтом МКК жарыялагандан кийин Ысык-Көл облусттук юстиция башкармалыгына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.
3. Токтомду аткарууга алуу Хан-Теңири айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго, токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө бюджет боюнча туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага** **Т.Узаков**